КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЫСЫК-КӨЛ ОБЛУСУ
ТҮП РАЙОНУ

БАЛБАЙ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ИССЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ
ТЮПСКИЙ РАЙОН

АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ
АЙЫЛНОГО АЙМАКА БАЛБАЙ

---

**XXVIII- чакырылышынын VII-кезектеги сессиясы**

# ТОКТОМ

**2024 –жылдын** 23 май **№** 68 **Балбай айылы**

## Балбай айыл аймагына караштуу Келечек айылын Түп айыл аймагынын карамагына өткөрүп берүү жөнүндө

Балбай айыл аймагына караштуу Келечек айылынын Түп айыл аймагынын карамагына өткөрүп берүү жөнүндө кайрылууларын угуп, Түп айыл аймагынын айылдык кеңешинин чечимин эске алып, Балбай айылдык кеңешинин депутаттарынын маалыматын угуп, Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 111-беренесинин 1п.,113-беренесинин 3п., 2021-жылдын 20-октябрь №123 «Жергиликтүү мамлекеттик администрациясы жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө» Мыйзамынын 34-беренесинин17-п.,63-беренесинин 1-п. таянып , Балбай айылдык Кенешинин XXVIII- чакырылышынын VII-кезектеги сессиясы

**токтом кылат:**

1. Балбай айыл аймагына караштуу Келечек айылы Түп айыл аймагынын карамагына өткөрүлүп берилсин. Балбай айыл аймагынын айыл өкмөтү мыйзам чегинде тиешелүү иш-кагаздарын даярдоого милдеттендирилсин.
2. Балбай айыл өкмөтү Келечек айылынын Түп айыл аймагынын карамагына өтүп жаткан иш-аракетинен жаралган маселелерди : салыктын төлөмдөрү, жерди ээлөө жана чек араларын аныктоо, жана башка ушуга окшогон маселелерди сүйлөшүү жолу менен чечүүгө иш-аракетин жумшасын.
3. Токтом массалык маалымат каражаттарына жарыялансын жана укуктук актыларынын мамлекеттик реестрине киргизүү үчүн облустук Юстиция башкармалыгына жиберилсин.
3. Токтомдун аткарылышын көзөмөлгө алуу жагын өзүмө калтырам.

**Төрага** **Т.Т.Омуралиев**